Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин №1 педагогикалык кеңешмесинин

Протоколу. 13.09.2021-ж.

Катышкандар: Эшимканова Г.Э., Сагынбек к А., Замирбек к. А., Канымотов А.К., Калыя к. А., Чидерова З.А., Бейшеева Э.К, Байбекова Р.Т., Бейшенбекова Б.Н., Акматалиева А.К.

Катышпагандар: жок.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Педсоветтин ачылышы.
2. Тарификацияны бекитүү, сааттарды бөлүштүрүү.
3. Окуучулардын топтолуу боюнча.
4. Жумушка жаңы мугалимдерди кабыл алуу.
5. 15-сентябрь – билим күнүн белгилөө, ага даярдык көрүү, директордун орун басарлары, соцпедагог шайлоо.

Педагогикалык кеңешменин төрайымы – Эшимканова Г.Э.

Пед. кеңешменин секретары – Байбекова Р.Т.

Педагогикалык кеңешменин жүрүшүндө төмөндөгүлөр угулду:

Мектеп мүдүрү – Эшимканова Г.Э:

– Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Эң алгач Сиздерди Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин ишке киришкендиги жана алгачкы педагогикалык кеңештин ачылышы менен куттуктайм жана ачык деп жарыялаймын!

Бүгүн бизде алгачкы педагогикалык кеңешме өтүп жаткандыгына байланыштуу Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин администрациясынын жана мугалимдер жамаатын жумушка алып, аларга сааттарды бөлүштүрүү алдында турабыз. Мектепке окуу, тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басарын, мектеп жана класстан тышкаркы иштер боюнча мүдүрдүн орун басарын, соцпедагог

жана чарба иштери боюнча мүдүрдүн орун басарлыгына талапкерлерди көрсөтүп, аларды бир добуштан шайлап алсак. Урматтуу кесиптештер! Жетекчи катары Сиздерден талапкерлердин татыктууларын шайлап беришиңиздерди сурайм. Себеби, бул милдеттерди аткарууда өтө чоң жоопкерчилик жана чыгармачылык менен изденип иштеген талапкерлер тандалып алынса, мектептин ишин алдыга жылдырып, жалпы коллектив менен иштөөдө кыйынчылыктар жаралбайт деп ойлойм. Андыктан, татыктуу талапкерлерди тандап алсак.

- Мугалим Акматалиева А. К. сөзү:

- Урматтуу кесиптештер! Чындыгында бул жоопкерчиликти кылдаттык менен иш алып барган мугалимдер мойнуна алышы керек деп эсептейм. Учурдун талабына ылайык компьютер жана башка инновациялык технологиялар менен иш алып бара алган мугалимдерди шайлайлы. Менин сунушум – окуу, тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басарлыгына – Сагынбек к. Айсулуу, уюштуруу иштери боюнча орун басарлыкка – Канылетов А. К., соцпедагог – Чыдерова З. А. көрсөтөт элем. Себеби, бул талапкерлер – жогорудагы айтылган талаптарга жооп бере алышат.

Эшимканова Г. Э. сөзү: Рахмат, сунушуңузга! Мен да өз оюмду айта кетсем, талапкерлердин баарына макул эмесмин, соцпедагог милдетине – Камил к. Айнураны сунуштайт элем. Себеби, ал заманбап технология менен иштөө ыкмаларын эң жакшы деңгээлде өздөштүргөн. Ошондуктан, жакшылап чечим чыгарсак деген ойдомун. Бул боюнча да чечим чыгарганча кийинки маселени талкууга алсак. Күн тартибинин 2-маселесинде сааттарды бөлүштүрүүдө төмөндөгүдөй тарификацияны бекитип, кабыл алсак:

1. Акматалиева А. К. - кыргыз тил, музыка жана сүрөт сабактарынан - 26 саат менен тарификацияланган.
2. Чидерова З. А - тарых, география жана адам жана коом сабактарынан - 22 саат менен тарификацияланган.
3. Сагынбек кызы Айзада - кыргыз тил, адабият жана табият таануу сабактарынан - 27 саат м/н тарификац-н.
4. Эшимканова Г. Э. - информатика жана физика сабактарынан - 12 саат менен тарификацияланган.
5. Каныметов А. К - дене тарбия сабагынан - 18 саат менен тарификацияланган.
6. Калыс кызы Айнура - математика сабагынан жана технология сабагынан - 20 саат менен тарификацияланган.
7. Сардарбекова А. К. - чет тили сабагынан 20 саат менен тарификацияланган.
8. Замирбек к. А - баштапкы кл. 1-а кл. 14 саат менен тарификацияланган.
9. Бейшеева Э. К - баштапкы кл. 2-кл. 16 саат менен тарификацияланган.
10. Байбекова Г. Т - башт. кл. 3-кл. 16 саат жана 1-2-3-4-кл. орус тили сабактарынан 12 саат жалпы 28 саат менен тарификацияланган.
11. Бейшенбекова Б. Н - башт. кл. 4-кл жана 1 кл. жалпы - 28 саат менен тарификацияланган.

3. Кийинки маселеге токтолсом, окуучулардын топтому боюнча. Бизде жаңы окуу жылында мектеп жаңы ишке киргизилгенине байланыштуу башка райондун балдары, окуучулары келиши мүмкүн. Азырынча болжолдуу комплектованиеде 120 окуучунун тизмеси болжолдонууда. Башка райондон келе турган окуучулар да бар.

4. Жумушка келген жаңы мугалимдер 15.09. баштап приказ чыгат. Алар:
1. Калыс к. Айнура — математика мугалими;
2. Чыдерова З. А. — тарых, геогр. мугалими;
3. Сагынбек к. А — кыргыз тили жана ад-т мугалими;
4. Акматалиева А. К. — музыка мугалими;
5. Байбекова П. Т. — башт. кл. мугалими;
6. Бейшенбекова Б. Н — башт. кл. мугалими;
7. Бейшеева Э. К — башт. кл. мугалими;
8. Канылметов А. К — дене тарб. мугалими;
9. Сардарбекова А. Н — чет тили мугалими;
10. Замирбек к. А — баштапкы кл. мугалими;
5. Эртең 15-сентябрь — Билим күнүн белгилөө алдында турабыз. Биздин мектепте алгачкы жолу Билим күнү өткөрүлүп жаткандыктан, эң жакшы даярдыктар менен коштолуусу кажет. Ал иштердин жогорку деңгээлде уюштуруу үчүн мектептин организатор завучу, ошондой эле окуу иштеринин завучу, соцпедагог шайланышы керек. Кимди шайлайбыз көрөсүздөр?
Акматалиева А. К сөзү: — Урматтуу кесиптештер! Бул иштерди аткарууда өтө жоопкерчиликти талап кылып, өз ишин мыкты аткара алган талапкерлер шайланышы керек. Менимче, организатор завучка — Канылметов А. К; соц. педагогго — Чыдерова З. А. шайласак болчудай. Сиздер кандай дейсиздер?
Эшимканова Г. Э. сөзү: — Ооба, мен да Сиз атаган талапкерлерди колдойм. Ошондой эле окуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарлыгына — Сагынбек кызы Айнуранын талапкерлигин сунуштайм. Себеби, ал Жогорку-Ак... НББ орто мектебинде иштеп организатор завуч болуп жумуштан тажрыйба топтоду. Менимче, бул жоопкерчиликти да толук түрдө иштеп кете алат деп ишенем. Ошондуктан, урматтуу кесиптештер, жогорудагы сунуштарды эске алып, туура жыйынтык чыгарып, талапкерлерди тандап бересиздер деп ишенем.

Бейшенбекова Б. Н. сөзү: — Кесиптештер! Анан Сиздерди алган жаңы ишке кирип жаткан мектепке келип иш баштоо алдында турасыздар, иштерге ийгилик каалайм. Ошондой эле жогорудагы талапкерлерди колдойм жана иштери ийгиликтүү болсун. Айта кетчү нерсе — мектептин профсоюз уюмуна мүчө тандап алак. Менимче, Байбекова Р. Т. бул ишти алып кете алат. Сиздер да каршы эмессиздер деп ойлойм.

Ошентип, мугалимдер жамааты ойлорун ортого салышкан соң, Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин окуу-тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басарлыгына — Сагынбек кызы Айсулуу, организатордун милдетине — Камылетов А. К., соцпедагог — Чидерова З. Д, профсоюз уюмунун мүчөлүгүнө — Бейшенбекова Б. Н. шайланышты. Төмөнкү чечимдер кабыл алынды:

Чечим:

1. Жогорудагы бөлүштүрүлгөн сааттарга өзгөртүүлөр 2021-2022-жаңы окуу жылынын тарификациясы түзүлсүн.
2. Жаңы келген окуучулар дароо кабыл алынып жаңа класстын тизмесине кошулсун.
3. Жумушка жаңы кирген мугалимдер дароо санитардык кароодон өткөрүлсүн жана мурда соттолбогондугу жөнүндөгү справка алып келишсин.
4. Бүгүнкү күндөн баштап, 15-сентябрь — Билим күнүнө арналган салтанаттуу линейкага уюштуруучу — Камылетов А. К. даярдыктарды көрүп баштасын. Класс жетекчилерге тиешелүү тапшырмалар берилсин жана дароо аткарууга алынсын.

Педкеңештин төрайымы: Эшимканова Г. Э.

Катчы: Байбекова Р. Т.

13.09.2021-жыл